Бекитемин

SOS Герман Гмайнер ОТКсынын

директору С.В. Тенизбаева

**Апелляция өткөрүү боюнча жобо:**

1. Экзаменди уюштуруучу тарабынан апелляциялык комиссиянын курамы түзүлөт жана бекитилет.

2. Ар бир окуучу жыйынтыктар жарыялангандан кийин апелляциялык комиссиянын төрагасынын атына аткарылган ишке карата берилген баа же балл менен макул эместиги жөнүндө апелляциялык комиссияга арыз менен кайрылууга укуктуу. Арызда катышуучулар бааны кайра кароону талап кылган тапшырмалардын жана апелляциянын конкреттүү себебин көрсөтөт. Катышуучу комиссияга өзүнүн иши боюнча гана апелляциялоого укуктуу.

3. Апелляция жөнүндө арызды берердин алдында, катышуучу анын иши аткарылган олимпиадалык тапшырмаларды баалоонун критерийлерине жана методикасына ылайык текшерилгендигине жана баалангандыгына ынанууга укуктуу.

4. Апелляцияны кароо катышуучунун өзүнүн жана тиешелүү предметтин мугалиминин катышуусу менен жүргүзүлөт. Апелляциялык комиссиянын чечими боюнча катышуучуга апелляцияда коштоп жүрүүчү, команданын жетекчиси катары катышууга уруксат берилет.

5. Коштоочу адам (ата-эне) апелляциялык комиссиянын ишине кийлигишүүгө укугу жок.

6. Апелляция Олимпиаданын жазуу жүзүндөгү турунун жыйынтыктары боюнча гана каралат. Апелляциялык арыз апелляциялык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан калыстар тобунун экиден кем эмес мүчөсүн жана предмет боюнча калыстар тобунун төрагасы менен каралат.

7. Комиссиянын тобу чечим боюнча жыйынтыктоочу бааларын жогорку да, төмөнкү жакка да өзгөртүүгө укуктуу. Бул учурда апелляцияны карап чыгуу протоколу түзүлөт, анда баалардын өзгөрүлүшүнүн себеби көрсөтүлөт. Протоколго апелляциялык комиссиянын мүчөлөрү жана катышуучу кол коёт. Өзгөртүүлөр экзамендин жыйынтыгынын жалпы протоколуна киргизилет.

11.8. Катышуучунун же анын өкүлүнүн (предметтик-мугалимдин) жүрүм-туруму сыпайы эмес болгон учурда, катышуучу уюштуруу комитети тарабынан дисквалификациялат.